КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
БИРЛИК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ БИРЛИКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

720212 село Ормош айылы №1-көчө №5-үй тел:(03655)6-00-25 <birlikjylkenesi@mail.com>

**Бирлик айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын I-ачылыш сессиясы**

Токтом №4

Ормош айылы 28-ноябрь 2024-жыл

Элдик курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйындарды өткөрүү жөнүндө

КРнын "Элдик Курултай жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын, КРнын Президентинин 2024-жылдын 20-сентябрындагы №271 "III-Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" Жарлыгынын, Элдик Курултайдын 2023-жылдын 16-декабрындагы №16 чечими менен бекитилген "Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо жөнүндо" Жобосунун негизинде, Бирлик айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Бирлик айыл өкмөтүнүн аймагында Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйын 2024-жылдын 7-декабрына саат 10:00дө Бирлик айыл өкмөтүнүн кеңсесинде өткөрүлсүн.

2.Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдүн саны нормага ылайык 100 (жүз) өкүл болуп бекитилсин.

3.Ар бир айылда жергиликтүү жашоочулар менен жыйындарды өткөрүү графиги №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

4.Бирлик айылдык кеңешинин депутаттары №2 тиркемеге ылайык жергиликтүү жашоочулар менен ар бир айылда жыйындарды өткөрүүгө жооптуу болуп дайындалсын.

5.Өкүлчүлүктүү жыйындарды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы №3 тиркемеге ылайык бекитилсин.

6.Бирлик айыл аймагынын өкүлчүлүктүү жыйынына делегаттарды көрсөтүү нормасы №4 тиркемеге ылайык бекитилсин.

7.Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жыйындар жана чогулуштар өткөрүлө турган күн, убактысы жана жайы жөнүндө социалдык тармактар жана башка ушул сыяктуу маалымат булактары аркылуу жергиликтүү жашоочуларга кабар берүү жагы жана керектүү техникалык жабдыктар менен камсыздоо Бирлик айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

8.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бирлик айылдык кеңешинин бардык депутаттарына жүктөлсүн.

**Төрага:** **Н.Гафуров**